**Техника жана маалыматтык технологиялар кафедрасынын өнүктүрүү стратегиясы жана аны ишке ашыруу**

Техника жана маалыматтык технологиялар кафедрасы ар дайым маалыматтык технологиялар боюнча бакалаврларды кесиптик даярдоо үчүн лицензиялык билим берүү кызматтарын көрсөтүүдө мыкты болууга умтулат.

| № | Стратегиялык максаттар | Аткаруу мөөнөтү |
|---|---|---|
| 1. | Онлайн же оффлайн окутуу режимдеринде кесиптик билим берүүнүн жана адистердин квалификациясын жогорулатуунун натыйжалуу өнүгүп келе жаткан системасын колдоо. | дайыма |
| 2. | ФИТте окутуунун атаандыштык жагымдуулугун жогорулатуу боюнча чараларды издөө:<br>1) И.Раззаков атындагы КМТУнун К-БФнын мамлекеттик технологиялар факультетинин окуу программаларынын IT рыногунун заманбап талаптарынан артта калышын жоюу;<br>2) бул максатка жетүү үчүн IT адистерин даярдоонун жаңы ийкемдүү билим берүү программаларын иштеп чыгуу, аларга маалыматтык технологиялардын акыркы жетишкендиктерин окуу процессине киргизүүаркылуу өз убагында чагылдырууга мүмкүндүк берүү.<br>3) эмгек рыногунун талаптарына жооп берген жаңы атаандаштык багыттарын ачуу жана колдоо, факультеттин бүтүрүүчү бөлүмдөрү тарабынан IT адистери үчүн профилдерди даярдоо.<br>4) IT-компаниялардын жетектөөчү адистерин окутууга тартуу аркылуу кадрдык потенциалдарды чыңдоо.<br>5) IT-компаниялардын жетектөөчү адистерин мастер-класстарын өткөрүүгө чакыруу. | дайыма |
| 3. | Студенттердин билимге, көндүмгө, маданиятка ээ болушуна жана кесиптик өзүн-өзү ишке ашырууга ар тараптуу даярдоого системалык кепилдиктерди берүү.<br>Тжана ИТ кафедрасынын студенттерин билимдин, көндүмдүн кеңири базасы менен камсыз кылууга умтулуу:<br>➢ программалык камсыздоону иштеп чыгуу үчүн;<br>➢ программалык продуктуларды жана ошондой эле программалык документтердин долбоорлорун иштеп чыгууну түзүү;<br>➢ программалык камсыздоонун жашоо цикл процессин башкаруу;<br>➢ программалык продуктуларды өндүрүү процессинде аткаруучулар тобун башкаруу жана коллективде иштөө ж.б.у.с. | дайыма |
| 4. | Окуу процессинин материалдык базасын модернизациялоо; программистин эмгегин автоматташтыруунун заманбап каражаттарын орнотууга жана иштетүүгө мүмкүндүк берүүчү кафедранын компьютердик класстарын жаңылоо жана модернизациялоо. | дайыма |
| 5. | Онлайн жана оффлайн режимдеринде окутуу методдорун жакшыртуу, интернет ресурстарын пайдалануу:<br>➢ сабактардын бардык түрлөрүн өтүүнүн жана сабак окутуунун сапатын текшерүүнү уюштуруу;<br>➢ мыкты оффлайн жана онлайн окутуучуну, ОМК, мыкты видео курсту-видео сабакты аныктоо үчүн сынактарды өткөрүү; | дайыма |
| 6. | Кибермейкиндиктин маалыматтык коопсуздугу борборун-лабораторияны түзүү. | дайыма |

| | | |
|---|---|---|
| 7. | Жогорку өндүрүмдүүлүктөгү эсептөө процесстери үчүн чоң маалыматтарды иштетүү борбору-лабораторияны түзүү. | дайыма |
| 8. | Факультеттин жаш окумуштууларынын, бакалаврлардын, магистрлердин, аспиранттардын жана окутуучулардын илимий-изилдөө иштерин жана долбоорлорун өнүктүрүү жана колдоо.<br>Жаш окумуштуулардын жыл сайын конференцияларын өткөрүү.<br>Эл аралык конференцияларга катышуу. | дайыма |
| 9. | Инновациялык илимий иштеп чыгууларды колдоо максатында студенттер менен жаштардын демилгелерин колдоо фондун түзүү мүмкүнчүлүгүн табуу. | дайыма |
| 10. | Кафедрада олимпиадалык кыймылды өнүктүрүү. | дайыма |
| 11. | IT- технологияларынын актуалдуу темалары боюнча тегерек столдорду өткөрүү | дайыма |
| 12. | Oracle платформаларын колдонуу менен оффлайн жана онлайн режиминде окутуучулардын жана жогорку окуу жайларынын кафедраларынын квалификациясын жогорулатуу.<br>Студенттерди Oracle платформасында окууга тартуу. | дайыма |
| 13. | Тармактык кеңеш менен ишти өнүктүрүү, иш берүүчүлөр менен кызматташуу. | дайыма |
| 14. | Жакынкы жана алыскы чет мамлекеттердин жогорку окуу жайлары менен эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү.<br>Бакалаврларды даярдоо үчүн биргелешкен билим берүү программаларын түзүү. | дайыма |
| 15. | Кыргыз тилиндеги окуу куралдарын иштеп чыгуу. | дайыма |
| 16. | Кафедранын окуу-методикалык базасын өнүктүрүү. | дайыма |
| 17. | Кафедранын маданий жана спорттук иш-чараларын уюштуруу жана катышуу. | дайыма |
| 18. | Тажрыйба алмашуу үчүн студенттердин жана окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн уюштуруу. | дайыма |

ТжИТ каф. башчысы Дубинина В.В.

Кыргыз тилине которгон
Эдигеева К.Т.